УДК: 398.9

Шабданов Э.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ, магистрант*

# КЫРГЫЗ ТИЛИ ИЛИМИНДЕГИ АЙТЫМ МАСЕЛЕСИНИН ИЗИЛДЕНИШИ

*Макалада кыргыз тили илиминдеги айтым маселесинин изилдениши тууралуу кеп болот. Кыргыз тили илиминде айтымга байланыштуу көйгөйлөр толук териштирилип бүтө элек.*

***Негизги сөздөр:*** *Айтым, сүйлөм, кеп, коммуникативдик кеп бирдиги, синтаксис, сөз айкашы, семантика, структуралык-семантикалык, экспрессивдүү синтаксис, интонация.*

*Данная статья посвяцена вопросам исследования высказывания в кыргызском языкознании. Проблемы, связанные с высказыванием, в кыргызском языке о знании не полностью исследованы.*

***Ключевые слова****: Высказывание, предложение, речь, коммуникативная речевая единица, синтаксис, словосочетание, семантика, структурно-семантическое, экспрессивный синтаксис, интонация.*

*This article is devoted to the study of the utterance in Kyrgyz linguistics. The problems associated with the utterance are not fully investigated in the Kyrgyz language.*

***Key words:*** *Utterance, sentence, speech, communicative speech unit, syntax, word combination, semantics, structural-semantic, expressive syntax, intonation.*

Тил илиминде **айтым** кеп бирдиги болуп саналат. Көпчүлүк окумуштуулар сүйлөмдүн кептеги айтылышын, колдонулушун айтым катары белгилешет. Пикир алышуунун, ойду билдирүүнүн таасирдүүлүгү, угумдуулугу, жеткиликтүүлүгү түздөн-түз айтымга көз каранды. Чындыгында, тилдин эң башкы функцияларынын бири − пикир алышуу. Пикир алышуу болсо, кеп аркылуу гана жүзөгө ашырылат. Айтым кептин коммуникативдик бирдиги катары сүйлөмдүн интонациялык айтылышына негизделет. Сөз, сөз айкашы, сүйлөм айтым процессинде ар түрдүү интонациялык айтылыштарга ээ болуп турат. Бул кырдаалга, шартка, адамдын ой жүгүртүү абалына, психологиялык жагдайына ж.б. жараша ишке ашырылат.

Кыргыз тилинин синтаксисинде айтым маселесинин көтөрүлүшү сүйлөмдүн айтылыш максатына карай жай, суроолуу, илептүү болуп бөлүнүшүнөн башталат. Сүйлөмдүн айтылыш максатына карап түрлөргө бөлүштүрүү боюнча алгачкы маалыматтар Шабдан уулу Ажыймандын “Биздин тил” (1931), Т.Сопу уулунун “Биздин тил” (1933), А.Ыдырыс уулунун “Эне тил” (1933) аттуу эмгектеринде берилет. Аталган эмгектерде айтылыш максатына карай сүйлөмдөр **жай, суроолуу** жана **илептүү** болуп бөлүнөрү тууралуу жалпы сөз болот. Бул эмгектер ошол мезгил үчүн синтаксистеги сүйлөм маселесинин кептик айтылышын аныктоодо, сабаттуулукка ээ кылууга зор милдет аткарган. Ал эми К.Тыныстановдун “Кыргыз тил: Морфология” (1934), “Кыргыз тилинин синтаксиси” (1936) окуу китептеринде сүйлөмдүн коммуникативдик түрлөрүнө алда канча кеңирирээк мүнөздөмө берилген. “Кыргыз тилинин морфологиясы” (1934) окуу китебинде сүйлөмдүн айтылышына карай бөлүнгөн **жай** сүйлөм түрүнө: “Кай бир сүйлөмдө сүйлөөчү бир нерсени баяндайт. Мындай сүйлөмдүн аягында үн мелүүн барып

токтойт. Буган окшогон сүйлөмдү жай сүйлөм дейт. Мындай сүйлөмдүн бүткөндүгү катта жөнөкөй гана чекит менен белгиленет. Маселен: Мен үйгө келдим," (7) – деп аныктама берген. Автордун мындагы "кай бир сүйлөмдү сүйлөөчү бир нерсени тек гана жайынча баяндашын, сүйлөмдүн аягында үн мелүүн барып токтошун" белгилеши кыргыз тилиндеги жай сүйлөмгө берген алгачкы илимий аныктама болуп саналат. Бул илептүү жана суроолуу сүйлөмдөрдүн айтылыш өзгөчөлүктөрүнө да ылайыктап чыгарган эрежелерге да бирдей тиешелүү.

Кыргыз тили илиминин синтаксисинин өнүгүүгө бет алышы 1950-жылдарга туура келет. Бул мезгилдерде заман талабына ылайык, сүйлөм түшүнүгүн, анын табиятын, түзүлүшүн, түрлөрүн, типтерин, сөз айкашына тиешелүү маселелерди жаңыча көз караштан карoo зарылчылыгы жаралат. Сүйлөм жана сөз айкаштары боюнча иликтөөлөрдү жүргүзүшкөн А.Жапаровдун "Кыргыз тилинин грамматикасы" II б. Синтаксис, 6-7-кл. үчүн (1950), "Кыргыз тилинин грамматикасы" Синтаксис, Педагогикалык окуу жайлары үчүн (1951), "Грамматическая структура словосочетания в современном киргизском языке", АКД. (1955), Ы.Жакыповдун "Азыркы кыргыз тилинин жөнөкөй сүйлөмүнүн синтаксиси" (1958), К.Сартбаевдин "Кыргыз тилиндеги кошмо сүйлөмдүн синтаксиси" (1957) өңдүү эмгектери кыргыз тилинин синтаксисинин өнүгүүсүнө карай багыт алышынан кабар берип турат.

Бул проблема бүгүнкү күндө жалпы тил илими боюнча эмгектерде атайын изилдөөлөргө алынып, славян, роман-герман тилдеринде ар тараптуу чечмелөөгө алынып, жалпы эле тилдерде тиешелүү синтаксистин өзгөчө тармагы катары сыпатталган.

Кеп аспектисинин ар тараптуулугуна синтаксистик деңгээлдин өзгөчөлүктөрүн толук чагылдыруу азыркы учурда традициялык синтаксистин аспектисинде эч мүмкүн эместигин турмуш өзү далилдеп койду. Кеп каражаты катары сүйлөм да теориялык жактан өзүн толук актай алган жок. Анын мүчөлөнүшү да (баш жана айкындооч) сүйлөшүү процессин толук тейлей албастыгы, формалдык мүнөздө экендиги далилденүүдө. Азыркы учурда синтаксистин обьектисинен оозеки сүйлөшүү синтаксиси, экспрессивдик, структуралык-семантикалык, синтаксис-комуникативдик (кеп) синтаксис, деривациялык (трансформациялык) грамматика бөлүнүп изилдене баштады.

Проф. А.Жапаров: "Сүйлөмдүн коммуникативдик милдети, толук даражада грамматикалык жактан ырааттуулукка келиши анда кандайдыр бир билдирилген ойдун бүтүшүн тыянактап турган, шарттап турган интонациялык катышына да байланыштуу болот" (1979, 8) - деп, айтым өзгөчөлүгүн баса белгилейт. Анын "Кыргыз тилинин синтаксиси" (1979) аттуу эмгегинде сүйлөмдөрдү функционалдык жактан **жай, суроолуу** жана **илептүү** деп үчкө бөлүштүрөт. 1992-жылы чыккан "Синтаксисческий строй кыргызского языка" деген эмгегинде жай сүйлөмдү: баяндама жай сүйлөм, терс баяндама жай сүйлөм, тангыч ээлүү жай сүйлөм, буйрук баяндама жай сүйлөм деп бир канча түрлөргө ажыратат.

Проф. А.Иманов "Кыргыз тилинин синтаксиси" (1995) деген эмгегинде сүйлөмдү айтылыш максаты боюнча **жай, суроолуу, буйрук** жана **илептүү** деп төрт түргө бөлөт. Мындай бөлүштүрүүнү сүйлөмдөрдүн ар түрдүү модалдык маанилерде

колдонулушуна негиздеп берген. Кыргыз тилиндеги сүйлөмдөрдүн айтылышына карай функционалдык бөлүнүшүнө Б.Өмүралиев, А.Жалилов сыяктуу окумуштуулар да кайрылышкан. Жогоруда окумуштуулардын эмгектериндеги териштирүүгө алынган айтым маселеси ар тараптан толук чечилип бүттү дешке эч негиз жок.

Кийинки мезгилдерде кыргыз тилинин синтаксисиндеги айтым маселесин илимий-теориялык негизде жогорку тепкичке көтөрүп чыккан окумуштуулар катары Т.Т.Токоев менен К.Т.Токтоналиевди атасак болот. Проф. Т.Т.Токоевдин "Кыргыз тилиндеги парцелляция кубулушу" (1996), "Кыргыз тилиндеги экспрессивдүү синтаксистик конструкциялар" (2006) илимий монографияларында айтым теориясын, кептин коммуникативдик бирдиги болгон фразанын өзгөчөлүгү, парцелляция кубулушу, экспрессивдүү синтаксистик конструкциялар кеңири изилдөөгө алынат. 2006-жылы чыккан эмгегинде экспрессивдик синтаксис маселелери каралып, парцелляция жана анын синтаксистик маңызы, сегментация жана атама фразалар, кесинди конструкциялар (опознаписзис) жана позициялык-лексикалык кайталоонун стилистикалык-синтаксистик өзгөчөлүктөрү териштирилет.

Т.Токоевдин аталган эмгегинде тил илиминде колдонулуп жүргөн "кеп" терминин "сүйлөшүү" деген термин менен берген. Биздин жеке пикирибизде, "сүйлөшүү" термининин мааниси "кеп" термининин маанисин толук чагылдыра албайт. Ошондуктан кыргыз тили илиминде "кеп" термини эле туура.

Айтым теориясын, же кепти изилдөөдө кептик синтаксис, экспрессивдүү синтаксис, сүйлөмдүн коммуникативдик аспектиде колдонулушу сыяктуу маселелер каралат. Мында, негизинен, экспрессивдүү кептин лингвистикалык негиздери, анын предмети катары обочолонгон, сегменттелген, бириккен, парцелляцияланган конструкциялар кептик сүйлөмдөрдүн айтым типтери көркөм кептин курулушу, сүйлөмдү актуалдык жактан бөлүштүрүү изилдөөгө алынат. Кыргыз тили илиминде айтым маселесине кеңири токтолгон окумуштуулардын бири проф.К.Т.Токтоналиев болуп саналат. Анын "Кыргыз тилиндеги айтымдын коммуникативдик-функционалдык жана интонациялык структурасы" (2004) аттуу илимий монографиясы буга чейин кыргыз тили илиминде дээрлик колго алына элек: айтымдын коммуникативдик-функционалдык аспектилери; айтымдын интонациялык структурасы; кыргыз тилиндеги үндүү тыбыштардын кеп интонациясына тийгизген таасири; айтымдын максат кырдаалдарынын интонациясы сыяктуу маселелерди иликтөөгө алат. Ошондой эле айтымдын максат кырдаалдары боюнча бөлүнүшүн дагы тереңдетип, жекече илимий көз караштарын билдирет. Монографияда козголгон маселелер кыргыз тилиндеги айтымдын коммуникативдик-фукционалдык жана интонациялык структурасы синтаксистик фонетиканын негизинде сыпаттоого алынат. Кыргыз тили илиминде биринчи жолу синтаксистик конструкция менен кептин интонациялык жабдылышы карым-катышта каралып, сүйлөм курулушунун грамматикалык каражаттарынын интонацияга тийгизген таасири жана интонациялык кубулуштун сүйлөмдүк синтаксистик семантикасына тийгизген таасири илимий негизде териштирүүгө алынат.

Кептин коммуникативдик процессинде айтым табиятынын аныкталышы өтө татаал келет. Ошон үчүн ой билдирүү мүмкүнчүлүктөрү түздөн-түз айтымга да көз каранды. К.Т.Токтоналиев **жай айтымдардын** функционалдык-маанилик жактан 3 топко бөлүштүрөт: 1-топ: сүрөттөө, баяндоо, кабарлоо; 2-топ: ырастоо, бекемдөө, тануу-төгүндөө; 3-топ: каалоо, болжолдоо, ниет. **Суроолуу айтымды** да үч топко бөлөт: 1-топ: кошумча суроо, кайталап суроо, тике суроо; 2-топ: анык суроо, формалдуу суроо, риторикалык суроо, альтернативдүү суроо; 3-топ: таң калуу суроо, күмөндөр суроо, ырастоо суроо, түрткү болуучу суроо, божомол суроо. Илептүү айтымды төрт топко, **буйрук айтымды** да төрт топко ажыратат. К.Т.Токтоналиев сүйлөмдөрдү функционалдык жактан мындай топторго бөлүштүрүүнү айтымдын семантикалык, структуралык жана интонациялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ишке ашырган. Негизинен, К.Токтоналиев айтым маселеси сүйлөөчүнүн жана угуучунун психологиялык абалына, ой жүгүртүү жөндөмүнө байланыштуу болорун, анда, айрыкча, коммуникативдик жана экспрессивдик функция басымдуу кызмат аткарарын белгилейт.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз тилиндеги айтым проблемасынын айрым маселелери бир кыйла деңгээлде териштирилип калгандыгы ырас. Ошондой болсо да, ойду билдирүүдөгү, пикир алышуудагы сүйлөмдүн функционалдык аспектисин изилдей турган маселелер жетиштүү.

**Адабияттар:**


1. Тыныстанов К. Кыргыз тил. Морфология. -Ф., 1934. 100-б.
2. Жапаров А.Ж. Кыргыз тилинин синтаксиси. -Ф., 1979. 324-б.
3. Иманов А.И. Кыргыз тилинин синтаксиси. -Бишкек, 2009. 324-б.
4. Токтоналиев К.Т. Кыргыз тилиндеги айтымдын коммуникативдик-функционалдык жана интонациялык структурасы. -Бишкек, 2004. 308-б.
5. Токоев Т.Т. Кыргыз тилиндеги экспрессивдүү синтаксистик конструкциялар. -Бишкек, 2006.